30.08.2018-жыл

№1 пед кеңешмении

чечими менен кабыл алынды

Бекитемин

мектептин директору

Нерматова А.Н

# №82 жалпы билим берүү орто мектебинин административдик контролдук иштерди жүргүзүү жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жобо

1.1 Ушул жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык №82 жалпы билим берүү орто мектебинин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2 Жобо окуу жылы ичинде 3-11-класстардын окуучуларынын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоону ишке келтирүүчү мектептин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3. Бул жобо-нормативдүү документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун белгилейт.

1.4 Билим сапатын көзөмөлдөө-билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири.

1.5 Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү азыркы учурда билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы.

1.6 Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим, тарбиячы, ошондой эле гимназия-интернаттын ишинин сапатын аныктоого багытталат.

1.7 Окуу максаты-билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым-байланыш. Билим берүүнүн сапатын-билим берүүнүн системасына мүнөздөмө берүү.

1.8 Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:

1. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары;

2. Бирикме жетекчилери.

Аткаруучулар-предметтик мугалимдер.

## II Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби

2.1 Мектептин билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки-жолу- биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү пландаштырылат.

2.2 Көзөмөл жүргүзүүгө календардык-тематикалык планда кошумча сааттардын эсебинен саат бөлүнүп, окуучулардын ишине баалоо жүргүзүү класстык журналга түшүрүлөт.

2.3 Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу, талдоо жүргүзүү, жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт.

2.4 Мектептин окуу жылынын башында бекитилген окуу-тарбия процессинин жалпы планына ылайык түзүлгөн график боюнча көзөмөл жүргүзүүгө предметтик мугалимдер милдеттүү

2.5 Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып, талданып, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.